**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ОИӨК К.Ш.ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ТАЖИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К 08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда

УДК: **332.142.4: 338.2 (575.2) (043.3)**

**Суркеев Бахтыбек Таштемирович**

# РЫНОКТУН АРАКЕТТЕНҮҮ ШАРТТАРЫНДА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮНҮН РЕГИОНАЛДЫК ФАКТОРЛОРУ
**(Кыргыз Республикасынын түштүгүнүн мисалында )**

08.00.05 - экономика жана эл чарбасын башкаруу
(ишканалардын экономикасы, уюштуруу жана башкаруу) адистиги

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**авторефераты**

Жалал-Абад – 2018

Диссертациялык иш М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин «Экономика и бизнес» кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** экономика илимдеринин доктору, доцент
**Ташкулова Гульзат Кантороевна**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Зулпукаров Аманкул Зулпукарович**

экономика илимдеринин кандидаты
**Таалайбек уулу Тариель**

**Жетектөөчү мекеме:** Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин «Ишканалардын экономикасы жана башкаруу» кафедрасы
Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 6

Диссертацияны коргоо 2018-жылдын 10-майында саат $16^{00}$дө К.Ш.Токтомаматов атындагы илимий изилдөөлөр, иштелмелер жана инновациялар борборунда, К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин, Ош мамлекеттик университетинин жана Тажик улуттук университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук илимий наамын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кеңешинин отурумунда болуп өтөт. Дареги: 715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү, 30.

Диссертация менен К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү, 30.

К.08.17.564 мамлекеттер аралык
диссертациялык кенешинин окумуштуу катчысы
экономика илимдеринин кандидаты Маткеримова А.

## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

**Изилденген теманын актуалдуулугу**. Кыргыз Республикасындагы экономикалык реформалардын азыркы этабында регионалдык өнүгүү көйгөйлөрүнүн актуалдуулугу жогорулоодо. Бүгүнкү күндө чарба жүргүзүү шарттарынын, калктын жашоо деңгээлинин регионалдык дифференциациясы, жашоо минимумунун наркынын ж.б.у.с. айырмасы чоң. Жакынкы перспективада бул тенденция сакталып кала бериши, ошондой эле өнүккөн жана кризистик региондордун (облустардын, райондордун) поляризациясы күчөшү ыктымал.

Райондордун жана облустардын өзгөчөлүктөрүн эске албай туруп бүтүндөй өлкөнү жана анын региондорун андан ары өнүктүрүү процесси, алардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү жана калктын жашоо деңгээлиндеги ажырымды чоңойтот.

«Өнүгүүнү регионалдаштыруу» жөнүндөгү тезис бир жактуу чечмеленбейт. Айрымдар аны административдик бирдиктерди андан ары бөлүнүүгө чакырык катары кабыл алышат. Анткен менен регионалдаштыруу, эң оболу, аймактардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн көбөйтүүнү, алардын экономикалык ишмердүүлүгүнүн активдештирүүнү, аларды демилгелерге жана ишкердикке, менчик ресурстарды максималдуу пайдаланууга шыктандырууну жана кызыктырууну көздөөгө тийиш.

Регионалдык саясаттын приоритеттүүлүгү азыркы мезгилде социалдык-экономикалык өнүгүүнүн стратегиясын аныктаган дээрлик бардык мамлекеттик документтерде каралган. Региондорду өнүктүрүүнү изилдөөнүн актуалдуулугу ошондой эле алардын географиялык жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрү менен шартталат, бул алардын экономикалык өнүгүүсүндө олуттуу диспропорцияларга алып келет.

Мындан улам, биздин мамлекеттик регионалдык саясаттын башкы максаты республиканын региондорунун ортосунда социалдык-экономикалык тең салмактуулукту орнотуу жолу менен өлкөнүн бүтүндүгүн камсыз кылуу боюнча тынымсыз иш алып баруу болууга тийиш.

Мындан тышкары, салттуу факторлордун (жаратылыштык, энергетикалык, транспорттук, социалдык, илимий-техникалык прогресс ж.б.) өндүргүч күчтөрдүн жайгашуусуна таасир этүү деңгээли бир топ өзгөргөнүн белгилей кетүү зарыл; рыноктук экономикалык мамилелерге жана жүргүзүлүп жаткан өзгөрүүлөрдүн өткөөл этабындагы мамлекеттүүлүктүн сапаттык өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келген жаңы факторлор пайда болду.

Жогорудагылардан улам региондун ички өнүгүүсүнө факторлордун таасиринин өзгөчөлүктөрүн изилдөө талап кылынат. Мисалы, Кыргыз Республикасынын аймагы шарттуу түрдө эки регионго (түндүк жана түштүк) бөлүнөт, бул географиялык эле түшүнүк болбостон, белгилүү деңгээлде чарба жүргүзүү шарттары, экономикалык потенциалы, жумушчу күчүнүн мүнөздөмөлөрү ж.б.у.с. менен айырмаланышат.

Анткен менен постсоветтик мезгилде региондордун өнүгүү маселелери

теориялык-методологиялык аспектиден анча изилденген эмес. Мунун бир нече себептери бар, алардын арасында рынок шарттарында өнүгүүнүн аймактык аспектиси жергиликтүү маанидеги экономиканы камтууга тийиш деген пикир басымдуулук кылат. Мындай көз караш «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» мыйзамдарда бекитилген. Жергиликтүү бюджеттерди каржылоого бюджеттик каражаттар ушуга ылайык бөлүнөт. Бул тезис жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттери менен жоопкерчиликтерин атайлап азайтат. Ошондуктан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 3/4 бөлүгү республикалык бюджеттин дотациясында турат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу, тагыраак айтканда аймактык өнүгүү көйгөйлөрүн теориялык изилдөө экономиканын глобалдашуусунун, ошондой эле аймактардын өлкөнүн ичиндеги жана андан сырткаркы башка аймактар менен интеграциялануу зарылдыгынан келип чыккан жаңы көз караштар менен байытууга муктаж. Мунун баары изилдөөнүн темасын тандоого негиз түздү.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар менен байланышы.** Диссертациялык иш төмөнкү программалык документтердин алкагында аткарылды: «Түштүк региондун облустарынын жана Ош шаарынын перспективага өнүгүү концепциясы», «2040-жылга чейин «Таза коом» куруу стратегиясы».

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана маселелери.** Изилдөөнүн максаты аймактардын материалдык жыргалчылыгына жетишүү жана алардын өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымын көбөйтүү үчүн түштүк регионунун мисалында регионалдык көйгөйлөрдү комплекстүү чечүү боюнча теориялык-методологиялык жоболорду жана негиздүү сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Коюлган максатка ылайык иште төмөнкү маселелерди чечүү каралган:

- аймактык өнүгүүнүн жана регионалдык саясатты калыптандыруунун маңызын жана мазмунун иликтөө;
- региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө таасирин тийгизген факторлордун приоритеттерин белгилөө;
- региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү эмгек ишмердүүлүгүнүн ролун жана ордун ачып көрсөтүү;
- региондун учурдагы социалдык-экономикалык абалын мүнөздөө жана анын негизинде экономиканы өнүктүрүүнүн жана калктын социалдык абалын жакшыртуунун резервдерин аныктоо;
- региондун перспективага экономикалык өнүгүүсүнүн негизги приоритеттерин иштеп чыгуу;
- Ош шаарынын мисалында айрым аймактардын өнүгүү моделин сунуш кылуу;
- социалдык-экономикалык өнүгүүнү камсыздоочу фактор катары эмгек ресурстарын пайдаланууну жакшыртуу жолдорун сунуш кылуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгын** төмөнкүлөр түздү:

- аймактык өнүгүүнүн маңызы жана мазмуну аймактык түзүмдөрдүн мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдаланууга жетишүү максатында ачып

көрсөтүлдү;

- аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн перспективада кайталап өндүрүү максаттарына жетишүүнү камсыз кыла турган приоритеттери аныкталды;

- региондордун өнүгүүсүндө өндүрүш факторлорун бириктирүүдөгү жумушчу күчүнүн чечүүчү ролун эске алуу менен эмгек ресурстарын пайдалануунун прогрессивдүү багыттары аныкталды;

- региондун учурдагы социалдык-экономикалык абалынын анализинин негизинде анын өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн башкаруучулук, социалдык жана инновациялык иш-чараларды андан ары өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрү ачып көрсөтүлдү;

- региондун теңдештирилген өнүгүүсүн камсыз кылуучу реалдуу жакшыртуу жолдору катары аймактардын экономикалык ишмердүүлүгүн кеңири интеграциясы, кооперациясы жана координациясы, ошондой эле өндүрүштү уюштурууга жана социалдык чөйрөнүн ишмердүүлүгүнө жаңы технологиялык чечимдерди жана инновацияларды киийрүү белгиленди;

- Ош шаарынын мисалында регионалдык өнүгүүнүн математикалык, экономикалык-математикалык жана экономикалык-статистикалык моделдеринин факторлорунун өзгөрүшүн тарыхый экстраполяция, логикалык жана эксперттик баалоолор ыкмаларынын өз ара байланышынын негизинде аймактык социалдык-экономикалык өнүгүүнү моделдештирүү концептуалдык жаңы көз караш катары ар тараптуу аргументтелди жана ишке ашырылды;

- эмгек ресурстарын пайдалануунун учурдагы жана күтүлүүчү көрсөткүчтөрүн эске алуу менен Кыргызстандын түштүк регионунун аймактык өнүгүүсүнүн негизги багыттары иштелип чыкты жана илимий негизделди.

Иштин практикалык маанилүүлүгү анын жоболорун мамлекеттик жана ар кандай деңгээлдеги өз алдынча башкаруу органдары тарабынан, башка кызыкдар ведомстволор тарабынан регионалдык саясаттын концепциясын иштеп чыгууда, ошондой эле республиканын ЖОЖдорунда тиешелүү темалар боюнча окуу программаларын иштеп чыгууда пайдалануу мүмкүндүгү менен аныкталат.

Диссертациянын экономикалык маанилүүлүгү анда кармалган региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн приоритеттери, аймактардын экономикалык өнүгүүсүн моделдештирүү, эмгек ресурстарын пайдаланууну жакшыртуу боюнча конкреттүү рекомендацияларда турат.

**Диссертациянын коргоого алынып чыгуучу негизги жоболору.** Коргоого төмөнкү жоболор алынып чыгат:

- автор тарабынан алынган аймактардын экономикалык потенциалын калыптандырууга жана пайдаланууга тийиштүү теория жана методология жаатындагы илимий жаңылыкты чагылдырган жоболор, такталган аныктамалар түрүндөгү изилдөөнүн натыйжалары;

- автор тарабынан ачып көрсөтүлгөн региондордун экономикалык потенциалын көтөрүүнүн аймактык резервдери;

- региондун эмгек ресурстарын пайдалануу деңгээлин жогорулатуу боюнча сунуштар жана рекомендациялар.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Автор тарабынан регионду өнүктүрүүнүн экономикалык, социалдык, илимий-техникалык жана уюштуруучулук шарттарын түзүүнүн жана пайдалануунун теориялык жана практикалык аспектилери жалпыланды.

**Изилдөөнүн натыйжаларын сыноодон өткөрүү.** Диссертациянын негизги тыянактары жана жоболору эл аралык, республикалык жана регионалдык илимий-техникалык конференцияларда баяндалган жана жактырылган.

**Публикациялар**. Изилдөөнүн теориялык жоболору жана натыйжалары диссертациянын негизги мазмунун чагылдырган жалпы көлөмү 3,87 басма табакты түзгөн автордун 15 макаласында жарыяланды.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү**. Диссертация киришүүдөн, 3 бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган булактардын тизмесинен турат.

## Иштин негизги мазмуну

**Киришүүдө** изилденген теманын актуалдуулугу, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү негизделип, жүргүзүлгөн изилдөөнүн максаты жана маселелери, теориялык жана методологиялык негиздери аныкталды, алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы ачып көрсөтүлдү.

Биринчи «**Аймактын өнүгүүсүнүн теориялык-методологиялык негиздери**» бөлүмүндө аймактык өнүгүүнүн жана регионалдык саясатты калыптандыруунун маңызы жана мазмуну; региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө таасирин тийгизген факторлордун приоритеттери; эмгек ишмердүүлүгүнүн региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү ролу жана орду каралды.

Аймактын өз алдынча экономикалык субъекти катары аракеттенишин шарттаган факторлордун бири болуп экономикалык кызыкчылыктар системасында өзгөчө аймактык кызыкчылыктын болушу эсептелет, аны каралып жаткан аймакта жашаган же ал жерде кандайдыр-бир менчиги болгон калктын ар кандай топторунун экономикалык кызыкчылыктарынын жыйындысы катары түшүнүүгө болот.

Мындай чечмелөө башкаруунун регионалдык түзүмдөрүн калыптандыруу үчүн эле эмес, экономикалык ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүн адистештирүү, концентрациялоо жана кооперациялоо чөйрөлөрүн аныктоо үчүн да маанилүү.

Регионалдык саясат негизинен бүтүндөй өлкөнүн динамикалык өнүгүүсү үчүн жагымсыз өбөлгөлөрдү түзгөн, тигил же бул региондун калкынын нааразычылыктарына жана келишпестиктерине алып келген теңсиздиктерди жокко чыгарууга багытталат.

Экинчи жагынан, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн мүнөздөмөсүн аймактын кайталап өндүрүү процессиндеги атаандаштыкка жарамдуулугу аркылуу чагылдырууга болот. Бул социалдык-экономикалык өнүгүүнү ишке ашыруунун негизин чарба жүргүзүүнүн рыноктук ыкмасы жана жалпы эле рыноктук чөйрө түзөрүнөн келип чыгат. Рынок, өз кезегинде, эркин

ишкердикке жана адамдардын чарбалык жана коомдук турмушундагы ар кандай субъектилердин атаандаштыгына негизделет. Андыктан, атаандаштык – аймактардын ийгиликтүү аракеттенишинин бир формасы болуп саналат.

Атаандаштыкка ар кандай багыттарда таасир берген, ошондой эле динамикалуу өзгөрүп турган шарттардан улам сапаттык жана сандык өлчөөнүн татаалдыгы менен айырмаланган көптөгөн факторлор таасирин тийгизерин белгилей кетүү зарыл.

Жаратылыш чөйрөсү менен аны чарбалык пайдаланууга аяр мамиле жасоо зарылдыгынын өз ара байланышын, ведомстволук эле эмес, тектеш аймактарда да жаратылышты рационалдуу эмес пайдалануунун мүмкүн болгон терс кесепеттерин эске алуу менен жаратылыш ресурстарын үнөмдүү пайдалануу өндүргүч күчтөрдүн аймактык өнүгүүсүндөгү маанилүү көйгөй болгон жана болуп кала берет.

Аймактык өнүгүү, бир жагынан, тармактык жана сектоналдык экономиканын өнүгүүсү менен тыгыз байланышта, ал эми экинчи жактан, ар бир аймак өлкөнүн башка аймактары менен органикалык байланышта болгондуктан, өнүгүүнүн аймактык жолдорун эки көйгөйдү чечүү менен байланыштыруу максатка ылайык, тактап айтканда, бир жагынан, макроэкономикалык реформаларды ар бир региондун жана аймактык түзүлүштүн шарттарын эске алып конкреттештирүү менен региондун ичиндеги ар бир аймактык түзүмгө жеткирүү керек. Экинчи жагынан, региондордун потенциалын толук ишке салуу жана реформанын иш-чараларын ишке ашыруу үчүн жоопкерчиликти республикалык органдардан жергиликтүү органдарга өткөрүү зарыл. Реформаларды мындай түзөтүү зарылдыгын түшүнүү жана аны ишке ашыруу, дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, экономиканы реформалоо процесстерин натыйжалуулугун арттырууга шарт түзөт.

Албетте, региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсү бул аймакта жашаган элдердин жашоо деңгээлинин жана жашоо-тиричилигинин өзгөрүү динамикасы менен тыгыз байланышта. Экинчи жагынан, калк, тагыраак айтканда анын экономикалык жактан активдүү бөлүгү, негизинен белгилүү аймакта жашоону өз алдынча уюштурууну эле эмес, жашоо-тиричилигинин каныккан жана жагымдуу өтүшүн камсыздагандай ички жана тышкы байланыштарды түзүүгө муктаж.

Адамдардын белгилүү аймактагы жашоо-тиричилиги, өз кезегинде, көп белгилердин негизинде калыптанат, алардын эң маанилүүсү болуп тарыхый жашоо образы, муундан-муунга өткөн салттар, үрп-адаттар, белгилүү аймактын жашоочуларынын кызыкчылыктарынын жалпылыгы, өндүрүштү уюштуруунун типтери, башка региондор менен өз ара байланыштар жана башкалар эсептелет.

Региондо чарба жүргүзүүнүн типтерин да айырмалоо зарыл. Чарба жүргүзүү мисалында адамдардын жашоо-тиричилигинин айрым формаларын төмөнкүдөй чагылдырууга болот (1-чийме).




1-чийме. Чарбалардын типтери

Булагы: автор тарабынан чарба жүргүзүүнүн типтерин жалпылоонун негизинде түзүлдү

Келтирилген чиймеден көрүнүп тургандай, адамдардын жашоо образына чарба жүргүзүүнүн типтери олуттуу таасирин тийгизет, алар адамдардын жашоо тиричилигин негизин түзүп, жашоо үчүн каражат табуунун булагы болуп саналат.

Өз кезегинде, чарба жүргүзүү ыкмасы тигил же бул аймактын экономикалык потенциалын пайдаланууга негизделет. Экономикалык потенциал бир нече бөлүктөн (техникалык-экономикалык, эмгек, уюштуруу ж.б.) тургандыктан, аны пайдалануу процесси чоң мааниге ээ.

Аймактын экономикалык потенциалын пайдаланууда кризистик кырдаал жана экономиканын тиешелүү өсүү темпин камсыз кылууга жөндөмсүздүгү шарттарында адамдардын жашоо-тиричилигинин ар түрдүү тараптарын теңдештирүүнү, жана биринчи кезекте, алардын материалдык жана руханий байлыктарга болгон улам көбөйүп бараткан муктажтыктарын канааттандырууну көздөгөн регионалдык саясат өзгөчө роль ойнойт.

Региондун масштабында кризистик кырдаалдын келип чыгышынын себептери ар түрдүү болушу мүмкүн: өндүрүштүн көлөмүнүн бир топ төмөндөшү, калктын депопуляциясына жана генофонддун начарлашына алып келген демографиялык кырдаалдын начарлашы, жумушсуздуктун экономикалык жактан активдүү калктын 15%ынан ашык жогорулашы, социалдык-экономикалык инфраструктуранын бузулушу, миграциянын көзөмөлдөнбөгөн өсүшү, өлкөдөн тышкаркы өзгөчөлүктөр. Мунун баары белгилүү социалдык чыңалууну пайда кылат, аны жоюу кээде кыйын болуп, адамдардын нааразычылыгына алып келет.

Биздин оюбузча, азыркы этапта экономикалык өсүүнү камсыз кылуунун эң маанилүү фактору болуп натыйжалуу башкарууну уюштуруу; ар кандай деңгээлдерде региондордун экономикалык потенциалын мыкты пайдаланууга жетишүү жана мунун негизинде региондун жашоочуларын өндүрүмдүү эмгекке шыктандыруу, регионалдык өнүгүүнү максаттуу камсыз кылуунун эсебинен инвестициялык ресурстары тартуу үчүн тиешелүү социалдык өнүгүүнү камсыздоо эсептелет.

Тилекке каршы, бизде регионалдык өнүгүүнү натыйжалуу башкаруу али түзүлө элек, жана анын негизги жоболору калыптана элек. Мисал катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерин шайлоо же дайындоо фактысын алып карайлы. Алардын түздөн-түз милдети жер-жерлердин жана аймактардын натыйжалуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу болуп саналат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өзөгүн айыл өкмөттөрү, райондук администрациялар жана шаарлардын мэриялары түзөт. Алардын башчылары ушул мезгилге чейин жергиликтүү кеңештердин депутаттары тарабынан шайланып, андан кийин өкмөт тарабынан бекитилет. Бирок мындай тартип каалаган натыйжаларга алып келген жок, анткени айыл өкмөттөрүнө кесипкөй эмес жана аймактык өнүгүү, калктын социалдык муктаждыктары маселелерине такыр тиешеси жок адамдар эле эмес, криминалдык тарыхы бар же жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын добуштарын сатып алуу жолу менен шайланган адамдар келип калган учурлар аз эмес.

Аймактардын жыргалчылыгынын бир элементи болуп өндүрүштү туура жайгаштыруу саналат. Социалдык-экономикалык өнүгүү процесси менен өндүрүштү жайгаштыруунун ортосундагы түз көз карандылык болушу ыктымал, бирок мындай байланыштардын натыйжалуу экендигин ар дайым байкоого болот. Бул белгилүү деңгээлде натыйжалуулукту шайкеш эмес баалоо менен түшүндүрүлөт.

Өнүгүүнүн маанилүү факторлоруна жаңы прогрессивдүү идеяларды, эмгектин жана өндүрүштү уюштуруунун алдыңкы ыкмаларын кийирүүнү камсыз кылуунун шарты катары инновациялар кирет. Инновацияларда активдүү өндүргүч күчтөр катары илимдин жана технологиянын жетишкендиктери башкы ролду ойноору талашсыз.

Баарынан мурда, өндүрүш жана ишмердүүлүк чөйрөлөрүнүн эң мыкты натыйжаларды камсыз кылуучу приоритеттерин белгилеп алуу зарыл. Алсак, Кыргызстан үчүн азыркы этапта экономикалык өсүүнү камсыз кылган эң

приоритеттүү тармактардын катарына экономиканын тоо-кен, айыл чарба сырьесун кайра иштетүү секторлору, ошондой эле айыл чарбасы, энергетика жана инфраструктура тармактары кирет.

Аймакты өнүктүрүүдө финансылык жана инвестициялык факторлордун ролун да эске алуу керек, алардын ролу экономикалык өнүгүүнүн модели деп атоого мүмкүн болгон кирешелер менен ресурстардын туруктуу айлануусу үчүн шарттарды камсыз кылуу менен аныкталат. Финансы, кишинин организминдеги кан айлануу сыяктуу эле, кайталап өндүрүү процессинде тиешелүү тактыны, ритмди, пропорцияларды камсыздайт. Конкреттүү ишкана үчүн бул, эң оболу, күнүмдүк утурумдук ишмердүүлүктү камсыз кылуу, өндүрүштүк ишмердүүлүктүн болочок этаптары үчүн негиздерди түзүү, продукцияны реализациялоо жана андан түшкөн кирешелердин эсебинен өндүрүштүк ишмердүүлүктүн жаңы циклдерин ишке киргизүү ж.б.у.с. камтыйт.

Аймактардын өнүгүүсүндө эмгек потенциалын пайдалануу да башкы ролду ойнойт. Эмгек потенциалы деп жеке адамдардын, ошондой эле бүтүндөй өлкөнүн кызматкерлеринин ар түрдүү топторунун иш мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы аталат. Эмгек потенциалын айрым ишкананын, мекеменин, уюмдун, жана ошондой эле индивидуалдык эмгек ишмердүүлүгүнүн алкагында кароого болот. Ошондой эле аталган потенциалды эки көз караштан алып караса болот. Бир жагынан, эмгек ишмердүүлүгүнө тартылган кызматкерлердин потенциалы, экинчи жагынан, эмгек ишмердүүлүгүнө катышууну күтүп жаткан кызматкерлердин потенциалы.

Эмгек ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугу эки жактуу мүнөздөлөрүн белгилей кетүү зарыл. Бир жагынан, эмгек ишмердүүлүгүнүн эң аз чыгымдар менен жогорку натыйжаларга жетиши, ал эми экинчи жагынан, рационалдуу иш менен камсыз кылуунун эсебинен жашоо деңгээлин жогорулатуу. Пайдалуу иш менен алек болгон адам гана татыктуу жашоого жетише алат.

Мындан тышкары, биздин оюбузча, айрым региондор үчүн эмгек ресурстарынын структурасынын элементтеринин аймактык байланыштары өзгөчө чоң мааниге ээ (2-чийме).




2-чийме. Эмгек ресурстарынын структурасынын элементтеринин байланыштарынын схемасы

Булагы: автор тарабынан түзүлдү

Жогоруда келтирилген чиймеден көрүнүп тургандай, эмгек ресурстарына жалданма жумушчулар, жумушсуздар, жана ошондой эле эмгекке жарамдуу калктын рынокко ишкердик жөндөмдүүлүктөрүн сунуш кылган бөлүгү кирет. Булардын ар бири үй-бүлөнүн кирешесин түзүүгө ар түрдүүчө таасир берет, мисалы, жалданма жумушчулардын кирешелеринин негизги булагы болуп салынган эмгектин сапатына жана санына жараша алынган эмгек акы же пайдалуу нерселерди жасоо эсептелет. Эмгек ресурстарын пайдалануунун региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү ролу жана орду көбүнчө жумушчу күчүнүн кыймылынын аймактык-тармактык тенденциялары менен шартталарын белгилей кетүү зарыл. Белгилүү болгондой, жумушчу күчүн аймактык кайра бөлүштүрүү көп факторлордун таасиринде калыптанат, алардын таасири өлкөнүн же анын региондорунун өнүгүүсүнүн конкреттүү-тарыхый шарттарына карап айырмаланат. Эмгек которулууларына миграция мисал болот, анткени жашоо орду кандай себеп менен өзгөрбөсүн, адам жумуш ордун таштап, жайгашкан жеринде жаңы жумуш ордун ээлейт. Мындай абал, биринчи кезекте, эмгекке жарамдуу жарандар үчүн мүнөздүү.

Экинчи **«Региондун азыркы учурдагы социалдык-экономикалык абалын баалоо»** бөлүмү региондун өнүгүүсүн мүнөздөөгө, аймактын өнүгүүсүнүн көрсөткүчтөрүнө факторлордун таасирин талдоого, региондун эмгек ресурстарын пайдаланууга баа берүүгө арналган.

Региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жетишилген деңгээлин талдоо, өндүрүштү аймактык уюштуруунун натыйжалуулугун баалоо маселелери азыркы мезгилде өзгөчө актуалдуу боло баштады, анткени региондор өлкөнүн аймактык түзүлүшүнүн ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет, жана экинчи жагынан, ар бир регион бири-биринен жаратылыштык-климаттык шарттары, өндүргүч күчтөрдүн жайгашуу өзгөчөлүктөрү, чарбалык ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн тарыхый калыптанган салттары, өндүрүштүн экономиканын секторлору боюнча адистештирилиши ж.б. менен айырмаланат.

Регионалдык экономикада айыл чарбасы башкы орунду ээлейт, ал дээрлик бардык аймактарда кездешет. Түштүк регионундагы аракеттеги айыл чарба объектилеринин саны боюнча маалыматтар төмөнкү таблицада берилди (1-табл).

1-таблица – Кыргызстандын түштүгүндө айыл чарба субъектилеринин санынын өзгөрүү динамикасы, бирдик

| Облус | 2012 | 2013 | 2014 | 20015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|
| Баткен облусу | 34968 | 37005 | 37272 | 38037 | 38500 |
| Жалал-Абад облусу | 89434 | 94831 | 94422 | 95012 | 96128 |
| Ош облусу | 79645 | 87808 | 90002 | 102275 | 111509 |
| Ош шаары | 2516 | 3084 | 2604 | 2654 | 2731 |
| Жалпы | 206563 | 222728 | 224300 | 237978 | 248868 |

Булагы: КР айыл чарбасы. Кыргызстан сандарда. - Бишкек: КР Улуттук статком, 2017. -356 б, 92-98-б. негизинде автор тарабынан эсептелди

Таблицадан көрүнүп тургандай, эң көп чарба жүргүзүүчү субъекти Ош облусунда, андан кийин Жалал-Абад жана Баткен облустарында катталган. Ош шаарында да айыл чарба субъектилери бар, аларга шаарга караган анын айланасындагы аймактарда жайгашкан субъектилер кирет.

Айыл чарбасы, биринчи кезекте, продукциянын айрым түрлөрүнүн учурдагы баалардагы дүң чыгарылышы менен мүнөздөлөт (2-табл.).

Региондун аймактары боюнча өндүрүлгөн продукциянын анализинен Баткен облусу дыйканчылыкка, андан кийин мал чарбасына адистешкени көрүнүп турат. Дыйканчылыкта дан өндүрүүнүн үлүшү абдан чоң. Жалал-Абад облусунда да ошондой эле мал чарбасына караганда дыйканчылык басымдуулук кылса, мал чарбасында, өз кезегинде, малдын жана канаттуулардын, чийки сүттүн үлүшү чоң. Ош облусунда мал чарбасынын үлүшү дыйканчылыктан басымдуулук кылат, бул облуста кеңири жайыттардын болушу, ошондой эле калкы негизинен мал чарба ишмердүүлүгү менен алектенген Кара-Кулжа, Алай, Чон-Алай сыяктуу тоолуу айыл райондорунун жайгашышы менен байланышкан.

Айыл чарбасынан кийин түштүк региондо өнөр-жай продукциясын өндүрүүнүн үлүшү чоң (2-табл.).

2-таблица – Аймактарда өнөр-жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмүнүн өзгөрүү динамикасы, млн. сом

| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **137229,2** | **169829,4** | **171108,9** | **181026,7** | **209812,0** |
| Баткен облусу | 4545,4 | 5929,7 | 5284,1 | 4821,6 | 4359,3 |
| Жалал-Абад облусу | 15468,9 | 13033,2 | 13300,1 | 18115,1 | 20087,9 |
| Ысык-Көл облусу | 27232,2 | 41723,6 | 40993,1 | 42198,1 | 51129,4 |
| Нарын облусу | 1245,2 | 1257,9 | 1590,7 | 1977,7 | 2332,4 |
| Ош облусу | 3006,0 | 3389,0 | 3581,3 | 3735,8 | 4074,7 |
| Талас облусу | 773,0 | 844,1 | 981,1 | 895,9 | 949,0 |
| Чүй облусу | 49000,7 | 67331,9 | 67873,8 | 70836,5 | 86977,6 |
| Бишкек шаары | 33454,8 | 33743,9 | 34639,4 | 35081,7 | 36458,4 |
| Ош шаары | 2503,0 | 2576,2 | 2865,3 | 3364,2 | 3443,3 |

Булагы: Кыргызстан сандарда, 2017. - Бишкек: КР Улуттук статком, 2017. -356 б., 343-б.

Региондун 2016-жылы республикалык өнөр-жай продукциясын өндүрүүдөгү үлүшү 15,2% түзгөн. Буга көбүрөөк Жалал-Абад облусу, андан кийин Баткен жана Ош облустары, жана Ош шаары салым кошкон.

Иште региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жалпылоочу көрсөткүчтөрү, тагыраак айтканда туруктуу калктын саны, дүң регионалдык продукт (ДРП), өнөр-жай продукциясынын көлөмү, айыл чарбасынын дүң продукциясы, негизги капиталга инвестициялар жана башка көрсөткүчтөр

каралган. Экономикалык өнүгүүнүн жалпылоочу көрсөткүчү катары автор тарабынан дүң регионалдык продукт (ДРП) иликтенген (3-табл.).

3-таблица – ДРПнын 2012-2016-жылдарга өсүү динамикасы (2012-ж. 100% деп алганда), % менен

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 108,6 | 124,2 | 140,1 | 148,1 |
| Баткен облусу | 106,9 | 118,4 | 145 | 133,8 |
| Жалал-Абад облусу | 112,5 | 114,4 | 131,3 | 150,1 |
| Ош облусу | 95 | 96,2 | 108,5 | 111,6 |
| Ош шаары | 172,6 | 195,1 | 227,3 | 231,4 |

Булагы: автор тарабынан «Статистический ежегодник КР» маалыматтарынын негизинде эсептелди

2012-жылдан 2016-жылга чейин дүң регионалдык продуктунун (ДРП) структурасында олуттуу өзгөрүүлөр жүргөн. Алсак, 2012-жылы Жалал-Абад облусу менен Ош шаарынын үлүшү ИДПнын 11,46 жана 0,32 пайызын түзгөн болсо, 2016-жылы Ош шаарынын үлүшү жогорулап 5,3 пайызга жеткен, ал эми Жалал-Абад облусунун үлүшү –11,62 пайызды түзгөн. Киши башына туура келген ДРП да текши бөлүштүрүлгөн эмес.

Региондордун мүнөздөмөсүндө аймактын өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрүнө факторлордун тийгизген таасиринин анализи чоң мааниге ээ. Регионалдык факторлордун жыйындысы экономиканын жалпы абалына жана калктын социалдык абалына таасирин тийгизет. Азыркы мезгилде региондун масштабындагы айрым көрсөткүчтөрдүн өзгөрүүсү жалпы республикалык көрсөткүчтөрдүн жарымынан ашат. Түштүк региондо республиканын калкынын 52,73% жашайт, анткен менен 2016-жылдын аягына 10000 адамга туура келген дарыгерлердин санынын республикалык көрсөткүчү 24 түзсө, ал эми Жалал-Абад облусунда бул көрсөткүч – 14, Баткен облусунда – 15 жана Ош облусунда – 16. Мындан тышкары калктын турак-жай менен камсыздалуу көрсөткүчтөрү аймакта салыштырмалуу төмөн. 2016-жылдын аягына телефон аппараттары менен камсыз болуу (1000 адамга даана) республика боюнча 13, ал эми Жалал-Абад облусунда – 12,7, Баткен облусунда – 13 жана Ош облусунда – 10,9 болгон. Региондун ичинде, айталы, Ош шаары менен Чоң-Алай районунун ортосундагы катыш да болжол менен ушундай эле мүнөздө.

Албетте, социалдык жана экономикалык өнүгүүнүн экономикалык, социалдык-экономикалык анализи негизги фондуларды пайдалануунун абалы, техникалык камсыздалуу даражасы, чыгарылган продукциянын сапаты жана атаандаштыкка жарамдуулугу ж.б.у.с. менен мүнөздөлөт. Региондун өнүгүүсүнүн айрым көйгөйлөрүн жана чабал жерлерин карап чыктык. Алсак, Кыргыз Республикасынын электроэнергетикасындагы башкы көйгөйлөр – бул негизги технологиялык жабдуулардын 50-60% эскириши, эксплуатациялоонун энергетикалык режимин бузуу менен иштөө, чоң жоготуулар (техникалык

себептерден жана уурдоолордун натыйжасында), керектөөчүлөрдүн төлөө жөндөмсүздүгүнөн улам келип чыккан ири дебитордук карыздар.

Эксперттер тарабынан бааланган гидроэнергетикалык ресурстардын запастары жылына142,5 млрд. кВт/саат электр энергиясын түзөт. Бүгүнкү күндө анын ичинен 9-10% өздөштүрүлгөн, бул республиканын ички муктаждыгын толук камсыз кыла албайт. Борбор Азия өлкөлөрүндө кошуна өлкөлөрдүн минералдык-сырьелук ресурстарды интенсивдүү өздөштүрүшүнүн натыйжасында электроэнергиянын таңкыстыгы байкалат.

Белгилүү болгондой, өнөр-жайынын алдыңкы тармактары болуп илимге негизделген тармактар саналат. Бирок, турмуш илимий-техникалык прогресс менен экономикадагы структуралык өзгөрүүлөр башка тармактарды да тездик менен өнүктүрүү зарылдыгын пайда кылаарын көрсөтүүдө. Түштүк региону боюнча алсак, шарттуу түрдө илимге негизделген тармактарга киргизилген машина куруу, жеңил жана тамак-аш өнөр-жайынын айрым тармакчалары ж.б. көз карандысыздык жылдарында өнүкмөк тургай, кескин начарлаган, айрыкча машина куруу дээрлик 10 эсе кыскарган.

Региондун өнүгүү деңгээлине таасирин тийгизген дагы бир фактор, – бул адамдардын товардык-материалдык баалуулуктар менен камсыздалышы. Бирок рынок шарттарында керектүү сандагы, сапаттагы жана ассортименттеги товардык-материалдык баалуулуктардын жетишсиздиги акча каражаттарынын жоктугуна салыштырмалуу анча байкалбайт, анткени региондун калкынын керектөөсүнүн толук көлөмүн баалоо тиешелүү кайталап өндүрүү процессин камсыз кылуу үчүн пайдаланылган материалдык-заттык ресурстардын өлчөмү тууралуу жетишерлик негиздүү сөз кылууга, жана муну менен региондогу өндүрүнүн жана керектөөнүн пропорционалдуулук деңгээли тууралуу объективдүү маалымат алууга шарт түзгөн менен, товардык-материалдык баалуулуктар керектөөнүн ордун толтуруунун лимит коюучу фактору боло албайт.

Түштүк региондун облустарына, айрыкча райондорунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына республикалык бюджеттин дотацияларынан көз карандылык мүнөздүү. Ошондуктан бул абал башка региондорго салыштырмалуу тездетилген социалдык-экономикалык өнүктүрүү стратегиясын регионалдык өнүгүүнүн туруктуу, орточо республикалык параметрлерден жогорку динамикасы н камсыздоо максатында республикалык материалдык-финансылык каражаттарды тартууну эске алуу менен кайра иштеп чыгууну жана ишке ашырууну талап кылат. Анткен менен бул социалдык-экономикалык өнүгүүнү механикалык теңдештирүү түрүндө жүргүзүлбөй, натыйжалуулук критерийине негизделиши керек.

Региондун социалдык-экономикалык өнүгүсүнүн анализин эмгек ресурстарын пайдалануу деңгээлин баалоосуз жүргүзүү мүмкүн эмес. Эмгек ресурстарынын булагы болуп, өз кезегинде, калктын экономикалык активдүү бөлүгү эсептелет (4-табл.).

4-таблица – 2016-жылдын башына калктын экономикалык активдүү жана активдүү эмес калк

| | экономикалык активдүү калк | анын ичинен | | жумушсуздук деңгээли, % |
|---|---|---|---|---|
| | | иш менен камсыз болгондор | жумушсуздар | |
| **Кыргыз Республикасы** | 2544,3 | 2352,1 | 192,2 | 7,6 |
| Ысык-Көл облусу | 187,0 | 170,0 | 17,0 | 9,1 |
| Нарын облусу | 87,3 | 79,2 | 8,1 | 9,3 |
| Талас облусу | 122,6 | 118,6 | 4,0 | 3,3 |
| Чүй облусу | 363,6 | 332,3 | 31,2 | 8,6 |
| Бишкек шаары | 461,4 | 424,2 | 37,2 | 8,1 |
| Баткен облусу | 203,3 | 181,1 | 22,2 | 10,9 |
| Жалал-Абад облусу | 442,6 | 408,7 | 33,9 | 7,7 |
| Ош облусу | 578,5 | 543,6 | 34,9 | 6,0 |
| Ош шаары | 98,1 | 94,3 | 3,8 | 3,9 |

Булагы: «Занятость и безработица. Итоги интегрированного выборочного обследования бюджетов домашних чарба и рабочей силы в 2015 г.» - Б.: Кырг. Респ. Улуттук статком, 2016. – 198 б., 32-б.

Таблицанын маалыматтарынан түштүк регионунун облустарында жумушсуздуктун деңгээли салыштырмалуу бийик экендиги байкалат. Көрсөткүч Кыргызстанда орто эсеп менен – 7,6% болсо, региондо – 10,9%.

Расмий статистикалык маалыматтарга ылайык түштүк Кыргызстандын эмгек ресурстары беш жыл ичинде (2012-жылдан 2016-жылга чейин) 1278,0 миң адамдан 1322,5 миң адамга жеткен, же 44,5 миң адамга көбөйгөн.

Өзгөчө Ош жана Жалал-Абад облустарында жумушсуздук көйгөйү курч, каралып жаткан 5 жыл аралыгында ал дээрлик бирдей деңгээлде сакталган. 2016-жылдын аягында Жалал-Абад облусунда 33,9 миң, Ош облусунда 34,9 миң жумушсуз катталган.

Иш менен камсыз кылуу көйгөйү ачылган ишканалардын саны менен эле эмес, ишкананын ичинде жумушчу күчүн пайдалануу даражасы менен да байланышканын, жана ошондой эле жумушчу күчүнүн квалификациясы менен иш берүүчүнүн талаптарына ылайык келип чыгарын белгилей кетүү зарыл. Кыргыз Республикасында иш менен камсыз кылуудагы чыңалууга карабастан, экономиканын секторлорунда жана социалдык чөйрө ар дайым ваканттык бош орундар байкалат (1-диаграмма).




1-диаграмма. Экономиканын секторлорундагы жана социалдык чөйрөгү ваканттык бош орундар

Булагы: автор тарабынан түзүлгөн

Чиймеден ваканттык орундардын саны 2016-жылы 2012-жылдагы деңгээлде сакталып, 52 миң бирдикти түзгөнү көрүнүп турат.

Жогоруда айтылгандардан, аз дегенде 2 тыянак чыгарууга болот. Биринчиси: иш менен камсыз кылуу – бул эмгек мамилелеринин же чарба жүргүзүүчү субъектилердин социалдык өнүгүүсүнүн эле көйгөйү эмес, бул, эң оболу, комплекстүү көйгөй, аны чечүү жалпы экономикалык кырдаалдан, мамлекеттин бюджеттик жана кредиттик саясатынан көз каранды болот.

Экинчи тыянак - иш менен камсыздалуу көйгөйү ачык регионалдык мүнөзгө ээ, демек, региондорду бул критерийлер менен типтештирүү, алардагы иш менен камсыз кылуу жана жумушсуздук көрсөткүчтөрүнүн мүмкүн болгон болочок динамикасын аныктоо талап кылынат.

Үчүнчү **«Региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн өркүндөтүү жолдору»** бөлүмүндө региондун перспективага социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн приоритеттери; социалдык-экономикалык өнүгүүнүн көйгөйлөрүн чечүүнүн фактору катары айрым аймактык бирдиктердин экономикалык өнүгүүсүн моделдештирүү (Ош шаарынын мисалында); региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуунун жолу катары эмгек ресурстарын пайдаланууну жакшыртуу жолдору каралды.

Приоритеттүү багыттарга жаңы экономикалык райондоштуруу кирет. Биздин пикирибизде, «Таза коом», «40 кадам» программаларынын алкагында жаңы экономикалык райондоштуруу төмөнкү ой-толгоолорго негизделет.

Биринчиден, аймактардын облустарга жана райондорго салттуу бөлүштүрүү башкаруу чөйрөсүнүн стабилдүү жана туруктуу мүнөздөмөлөрү шарттарында жаңы мазмунга ээ болот, ага ылайык региондун 18 айыл

аймактарына бөлүнүшү башкаруу аппаратынын мазмунунан алганда максатка ылайык эмес.

Экинчиден, санариптик технологияларга өтүү шарттарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аткарылган функциялардын маңызы бир топ өзгөрөт. Мында айылдык, райондук түзүм өзгөчө мааниге ээ болбойт, анткени башкаруу ыкмалары олуттуу өзгөрөт жана башкаруу аппараттары тарабынан аткарыла турган иштердин көлөмү бир топ азаят.

Үчүнчүдөн, райондук администрациялардын жана айыл өкмөттөрүнүн учурдагы максаттык ориентирлеринде, бир жагынан, өзүн-өзү камсыздоо, өзүн-өзү каржылоо жана өз алдынча башкаруу үчүн жетиштүү аймактык кирешелер түрүндөгү экономикалык жана социалдык натыйжаларга жетүүнүн так аныкталган көрсөткүчтөрү жок, бул башкарууда кош көңүлдүк атмосферасын жаратат. Бул, өз кезегинде, жан бактылык маанайды, республикалык бюджеттин дотацияларынын эсебинен аракеттенүүгө умтулууну калыптандырат.

Иште приоритеттердин бири катары кошуна Өзбекстан жана Тажикстан республикалары менен чектеш аймактарды өнүктүрүүнүн схемасы каралды (3-чийме).




3-чийме. Чек арадагы райондорго инфраструктуралык колдоо көрсөтүү комплексинин түзүлүшү

Булагы: автор тарабынан түзүлдү

Чиймеде сунуш кылынган чек арадагы соодага колдоо көрсөтүүнүн принципиалдуу схемасын Кыргызстандын Баткен облусу менен Тажикстандын Тоолуу Бадахшан автономиялуу аймагынын Сагдий облусунун, ошондой эле Кыргызстандын Өзбекстан менен чектеш Кадамжай, Кара-Суу, Ала-Бука, Аксы, Ноокен райондорунун чек араларында колдонууга болот

Кийинки приоритет – бул ишкердикти өнүктүрүү. Ишкердик субъектилери өз ишмердүүлүгүн, баарынан мурда, жергиликтүү рыноктордун

мыктаждыктарына, локалдык суроо-талаптын көлөмүнө жана түзүмүнө карап уюштурушат.

Өткөөл экономика шарттарында көпчүлүк субъектилерде ишкердик ишмердүүлүгүнүн ролун, анын функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн толук эске албоо аймактарда депрессивдик кырдаалга шарт түзүп, ири масштабдуу стратегиялык ката мүнөзүн алган. Азыркы мезгилде аймактар боюнча ишкердиктин өнүгүү деңгээлинде кескин дифференциация байкалат. Ишкердикти өнүктүрүүнүн мамлекеттик программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу күтүлгөн натыйжаларга алып келген жок.

Алсак, түштүк региондун Майлы-Суу, Көк-Жаңгак, Өзгөн, Кара-Суу сыяктуу чакан шаарларынын жана шаар тибиндеги поселокторунун деградациясы бул шаарлардын калкынын эмгек миграциясы боюнча оор кырдаалды жаратып, адамдардын чарбалык жана тиричилик шарттарынын бузулушуна алып келди.

Өнүгүүнүн дагы бир приоритеттүү багыты – бул тоолуу аймактар маселесине өзгөчө мамиле. Түштүк регионунда мындай зоналарга Чоң-Алай, Тогуз-Торо, Чаткал, Лейлек, Баткен райондору, Токтогул, Ноокат, Кара-Кулжа, Кара-Суу райондорунун айрым аймактары кирет. Бул аймактарда жергиликтүү сырьену кайра иштетүү боюнча чакан жана орто ишканалар, салттуу кол өнөрчүлүк, дыйкан жана фермердик чарбалар, жаратылыш-рекреациялык ресурстарды пайдалануу перспективдүү багыттарга кирет.

Алсак, Ош облусунун Дароот-Коргон айылынан 12 км аралыкта жайгашкан Чоң-Алай кенинен көп санда туз өндүрүүгө болот.

Перспективада ядросу айыл чарбасы болуп саналган агроөнөр-жай комплексин өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу талап кылынат. Мында жер-агрардык реформасын тереңдетүү жана жеке ишканалар үчүн шарттарды түзүү жолу менен рынок чөйрөсүн калыптандыруунун эсебинен калкты тамак-аш азыктары, өнөр-жайын – сырье менен туруктуу камсыз кылууга жөндөмдүү айыл чарбасын өнүктүрүү зарыл.

Мындан улам түштүк региону үчүн дыйканчылык менен мал чарбачылыгынын түзүлүшүн жана масштабдарын рыноктук суроо-талаптарга ылайык келтирүү боюнча максаттуу иш-чаралар чоң мааниге ээ.

Келечекте ошондой эле инфраструктураны өнүктүрүү биринчи орунга чыгат. Аймактык бирдиктердин (район, шаар, облус жана айылдардын) алкагында инфраструктура ишканалардын экономикалык потенциалына да, калктын жашоо деңгээлине да таасирин тийгизет.

Инфраструктура өндүрүштүк чөйрөлөрдүн да, өндүрүштүк эмес чөйрөлөрдүн да мекемелерин камтыйт, мисалы: материалдык-техникалык камсыздоо, транспорт жана байланыш, кампа чарбасы (техникалык инфраструктура), коммуналдык жана турак-жай чарбасы, билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык камсыздоо, маданият, спорт, соода (социалдык инфраструктура).

Региондорду социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн маанилүү багыты болуп шаарлардын жана аймактардын өнүгүүсүн моделдештирүү саналат. Иште Ош шаарын өнүктүрүүнүн модели келтирилди, мында Ош шаарынын

2014-2017-жылдарга өнүгүү программасында төмөнкү негизи макроэкономикалык көрсөткүчтөр каралган:

1) ДРПнын жыл сайын 5% өсүшү (киши башына 2014-жылы 51,6 миң сомдон 2017-жылы 60,0 миң сомго);
2) жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн жылына 10% көбөйтүү;
3) инвестицияларды тартууну жылына 5% көбөйтүү;
4) товар жүгүртүү көлөмүн жылына 5% көбөйтүү;
5) жылына жаңы 500 туруктуу жумуш орундарын түзүү.

2017-жылдын жыйынтыгында иш жүзүндө жетишилген өсүү менен пландалган өсүү көрсөткүчтөрүнүн ортосунда айырма чоң, мисалы, ДРПнын жыл сайын 5% өсүшү, жергиликтүү бюджеттин жылына 10% көбөйүшү ж.б. аткарылган эмес.

Биздин оюбузча, моделдештирүү аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жакшыртуунун чыныгы куралы болуш калышы үчүн төмөнкү үч багытта иш алып баруу керек:

1) реалдуу процесстерге анык туура келген моделдерди жана алардын түзүүчүлөрүн тандоо;
2) аймактардын өнүгүүсүнө таасири чоң факторлорду аныктоо;
3) моделдерди түзүүнүн ишеничтүү ыкмаларын пайдалануу.

Биздин оюбузча, аймактык өнүгүүгө таасир эткен факторлорго өзгөчө көңүл буруу зарыл. Ош шаары боюнча алсак, бул принципиалдуу мааниге ээ, анткени эки топтогу маселелер чечилет: бир жагынан, прогноздоо объектилерин сапаттуу сүрөттөө керек, экинчи жактан, – чарба жүргүзүүнүн шаар системасына кирген ар бир элементтин жүрүм-турумун изилдөө талап кылынат.

Социалдык-экономикалык өнүгүүнүн рычагы – бул эмгек ресурстарын пайдаланууну жакшыртуу. Түштүк региондо европа улуттарындагы салттуу шаар жашоочуларынын интенсивдүү чыгып кетишинин жана, эң башкысы аймактардагы элдин шаарга агымынын калктын этникалык курамы олуттуу өзгөрүп жаткандыгын эске алганда, азыр жана жакынкы келечекте шаардын иш менен камсыз кылуу бөлүмдөрүнүн алдында эмгек рыногу саясатынын приоритеттерин келип жаткан адамдардын контингентин максималдуу эске ала тургандай өзгөртүү маселеси турат. Алар шаардын эмгек рыногунда абдан көйгөйлүү топту түзүшөт. Айыл аймактарынан шаар жерлерине жапырт көчүп келүү тенденциясы жылдан-жылга күч алууда.

Дагы бир чара – квалификациялуу кызматкерлердин жумуштан бошотуунун эсепке алынбашы. Тилекке каршы, азыркы мезгилде калкты иш менен камсыз кылуунун ачык-айкындыгы жана так эсеби камсыз кылынган эмес. Мисалы, Ош шаарында расмий түрдө 360 калк болсо, иш жүзүндө андан эки эсе ашыкча. Ушундай эле кырдаал республиканын түштүгүндөгү башка Жалад-Абад, Кызыл-Кыя, Баткен жана башка шаарларда орун алган. Мунун баары иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндө эле эмес, аймактардын өнүгүү стратегиясында жумушчу күчүнө жана жаңы иш орундарын түзүүгө реалдуу муктаждыкты аныктоодо да баш-аламандыкка алып келет, ошондой эле республиканын чегинде ишке жайгаштырууда жана башка өлкөлөргө

миграциялык документтерди даярдоодо кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланууга алып келет. Буга байланыштуу калктын кыймылын каттоонун ачыктыгын камсыз кылуу максатында бардык жарандарга биометрикалык паспортторду берүүнү тездетүү талап кылынат.

Эмгек ресурстарын пайдаланууну жакшыртуунун эң маанилүү багыттары – бул эмгекке жарамдуу калкты ишкердик шыктарга жана иштөө ыкмаларына окутуу. Биздин изилдөө адамдар негизинен эки себеп менен жумушсуз болорун көрсөттү: жумуш орундарынын жоктугунан, айрыкча 29 жашка чейинки жаштар; ишкердик менен алектенүү көндүмүнүн жоктугунан жана пайдалуу ишмердүүлүккө стимулдардын жоктугунан улам. Рыноктук шарттарда ишкердикке умтулуу массалык түрдө болбойт экендиги белгилүү болду, анткени баары эле ишкердикке шыктуу эмес экени анык. Анткен менен эмгекке жарамдуу курактагы ар бир индивид эмгек ишмердүүлүгү менен алек болуу үчүн белгилүү потенциалга ээ болот.

Кыргызстандын түштүк региону үчүн аялдардын эмгегин пайдалануу көйгөй жаратат. Аялдар эмгекке жарамдуу калктын жарымынан көбүн түзөт. Бирок түштүктө, жана жалпы эле республика боюнча алардын ишкердик ишмердүүлүгү менен алектенүүсү 1/3 гана түзөт. Мында иш менен камсыз болуу жөнүндөгү пикирлердин мотивдери жана себептери белгилүү роль ойнойт.

Диссертациялык иште регионалдык эмгек рыногун калыптандыруу маселесин мамлекеттик колдоо көрсөтүүсүз чечүү мүмкүн эместиги баса белгиленди. Мамлекет иш берүүчүлөрдүн, кесиптик кошуундардын, жергиликтүү бийлик органдарынын максималдуу жана натыйжалуу иш менен камсыз кылуу жаатындагы өз ара аракеттенүүсүнүн жана кызматташтыгынын «катализатору» болууга тийиш. Бийлик органдарынын колдоо көрсөтүүсү менен ишканалардын алкагында көп иштерди жасоого болот. Бул альтернативалуу иш менен камсыз кылууну түзүү жолу менен ашыкча жумушчу күчү көйгөйлөрүн чечүү, керектөө буюмдарын өндүрүүнү кеңейтүү, иштен бошогон жумушчуларга кичи ишканаларды жана кооперативдерди түзүүнү үйрөтүү, жумушчуларды жана кызматкерлерди боло турган иштен бошотуулар тууралуу алдын ала билдирүү мөөнөтүн чоңойтуу, тажрыйба көрсөткөндөй, аргасыз жумушсуздук мезгилин кыскартат.

## Тыянактар жана сунуштар

Кыргыз Республикасынын түштүгүнүн мисалында регионалдык өнүгүү жана регионалдык факторлорду натыйжалуу пайдалануу маселелерин изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй теориялык тыянактар чыгарылды жана практикалык сунуштар берилди:

1. Региондогу социалдык-экономикалык кырдаалга таасирин тийгизген регионалдык факторлорду натыйжалуу пайдалануу республиканын региондорунун экономикасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарынын бири болуп саналат. Демек регионалдык саясат социалдык-экономикалык өнүгүүнүн улуттук стратегиясынын бир бөлүгү катары белгилүү теориялык жана практикалык изилдөөлөргө муктаж. Рыноктук мамилелер тереңдеген сайын

жумушчу күчүн аймактык өнүктүрүүнү жана жайгаштырууну жөнгө салуу, аймактык көйгөйлөрдү чечүүнүн жалпы принциптерин, критерийлерин, процедураларын жана уюштуруу механизмин иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын экономикалык жана саясий системаларын реформалоо жолунда андан ары алдыга жылуу үчүн актуалдуу боло баштады.

2. Салттуу факторлордун (жаратылыштык, энергетикалык, транспорттук, социалдык, илимий-техникалык прогресс ж.б.) өндүргүч күчтөрдүн жайгашуусундагы ролу жана таасир этүү деңгээли бир топ өзгөрдү; рыноктук экономикалык мамилелерге жана жүргүзүлүп жаткан өзгөрүүлөрдүн өткөөл этабындагы мамлекеттүүлүктүн сапаттык өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келген жаңы факторлор пайда болду. Аймактык факторлордун маңызы, мазмуну жана классификациясы сыяктуу фундаменталдык методологиялык көйгөйгө жайгаштыруу чечимдеринин варианттарын баалоо көз карашынан жаңыча кароо максатка ылайык.

3. Кыргызстандын бардык облустары географиялык жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрү боюнча бири-биринен айырмаланышат, бул алардын экономикалык өнүгүүсүндө олуттуу диспропорцияларга алып келет. Азыркы мезгилде чарба жүргүзүү шарттарынын, калктын жашоо деңгээлинин регионалдык дифференциациясы, жашоо минимумунун наркынын ж.б.у.с. регионалдык дифференциациясы чоң. Жакынкы перспективада бул тенденция сакталып кала бериши, ошондой эле өнүккөн жана кризистик региондордун (облустардын, райондордун) поляризациясы күчөшү мүмкүн.

Райондордун жана облустардын өзгөчөлүктөрүн эске албай туруп экономикалык реформаларды тереңдетүү жана өнүктүрүү процесси, алардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү жана калктын жашоо деңгээлиндеги ажырымды чоңойтот.

Мындан улам, мамлекеттик регионалдык саясатынын башкы максаты республиканын региондорунун ортосунда социалдык-экономикалык тең салмактуулукту орнотуу жолу менен өлкөнүн бүтүндүгүн камсыз кылуу боюнча тынымсыз иш алып баруу болууга тийиш.

4. Азыркы этапта социалдык-экономикалык өнүгүүнү камсыз кылууда эмгек ресурстарын пайдалануунун ролуна өзгөчө маани берилет. Автор, эмгек ресурстарынын потенциалын баалап, эмгек салымынын теориялык аспектилерин жана эмгек ресурстарынын ашыкчалыгынан улам келип чыккан көйгөйлөрдү тактаган, жана аны менен байланышкан калктын негизсиз миграциясы маселесине, эмгек потенциалын пайдалануудагы кемчиликтерге токтолгон.

5. Региондун азыркы мезгилдеги социалдык-экономикалык абалынын аймактык кирешелерди камсыз кылуу жаатындагы анализинин негизинде региондун потенциалын, эмгек ресурстарын пайдаланууну жакшыртуунун резервдери жана аймактык өнүгүүгө таасирин тийгизген чечүүчү факторлор аныкталды. Мындай анализ түштүк регионунун облустарынын көрсөткүчтөрүн орточо республикалык жана башка облустардын көрсөткүчтөрү менен салыштыруу жолу менен жүргүзүлдө, бул автордун оюу боюнча, баалоонун объективдүүлүгүн камсы кылат.

6. Аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжонгон деңгээлин камсыз кылуу максатында автор айрым приоритеттерди белгилейт, алардын ичинен потенциалды мыкты пайдалануу, өндүрүшкө жана социалдык чөйрөгө жаңы технологияларды жана инновацияларды кийирүү, республиканын ичиндеги региондордун, жана андан тышкары ЕАЭБ алкагында, жана ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бийликтин республикалык деңгээлинин ортосунда интеграцияны камсыз кылуу сыяктуу багыттар өзгөчө мааинге ээ.

7. Автор региондун өнүгүүсүн өркүндөтүү жолу катары Ош шаарынын мисалында бир нече параметрлерди киргизүү менен аймактардын өнүгүүсүн моделдештирүүгө аракет жасаган, анын натыйжасында өнүгүү процессинин прогнозу жана графикте чагылдырылышы алынган. Мындай ыкма, автордун пикиринде, кабыл алынган чаралардын ишенимдүүлүгүн жогорулатат, жана ошондой эле өнүгүү көрсөткүчтөрүнүн аныктыгын камсыз кылат.

8. Регионду өнүктүрүү үчүн пайдаланылган эмгек ресурстарын мааниси өтө чоң экендигин эске алуу менен, автор иш менен камсыз кылууну өркүндөтүүнү, жаңы жумуш орундарын түзүүнүн, орто, жогорку жана кесиптик деңгээлдеги адистерди максаттуу даярдоонун эсебинен миграциялык процесстердин терс таасирлерин азайтууну сунуштайт. Мунун баары регионалдык ишмердүүлүккө жана эмгек потенциалынын мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдаланууга өбөлгө түзөт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫККА ЧЫККАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:


1. Суркеев Б.Т., Купуев П.К. Сельское хозяйство Кыргызской Республики на начальном этапе трансформационного периода. Материалы региональный научно-практической конференции «Социально-экономические проблемы Южного региона Кыргызстана в условиях перехода к рынку»- Ош: ОшТУ, 1999, с.127-131.

2. Суркеев Б.Т. Развитие инфраструктуры регионального транспорта и экономики и стабилизация экономики. Материалы региональной научно-практической конференции «Социально-экономические проблемы Южного региона Кыргызстана в условиях перехода к рынку»- Ош: ОшТУ, 1999, с.231-234.

3. Суркеев Б.Т., Купуев П.К. Региональные факторы развития экономики в условиях рыночных отношений. Труды международной конференции «Турк элдеринин дуйно цивилизациясында орду жана ролу».- Ош: ОшГУ, 1999, с.195-196.

4. Суркеев Б.Т., Купуева А. Проблемы совершенствования государственного управления экономикой и регулирование рынков. Труды международной конференции «Турк элдеринин дуйно цивилизациясында орду жана ролу».- Ош: ОшГУ, 1999, с.196-198.

5. Суркеев Б.Т. Моделирование регионального развития на перспективу. Международный научный журнал «Наука. Образование. Техника»- Ош: Кыргызско - Узбекский университет, 2000, №2, с.28-31.
6. Суркеев Б.Т., Купуев П.К. Классификация территориальных факторов. Труды международной конференции «Актуальные вопросы естественных и гуманитарных наук».- Вестник Ошского Государственного Университета Серия гуманитарных наук.- Ош: 2001, №3, с.282-288.
7. Суркеев Б.Т., Купуев П.К. Территориальное управление в условиях переходного периода. Материалы международной научно - теоретический конференции «Туризм и экономика», посвященной Году поддержки и развития туризма в Кыргызстане. - Ош: ОшТУ, 2001, с.118-122.
8. Суркеев Б.Т. Эндогенное региональное развитие и предпринимательство. Материалы международной научно - теоретический конференции «Туризм и экономика», посвященной Году поддержки и развития туризма в Кыргызстане. - Ош: ОшТУ, 2001, с.196-199.
9. Суркеев Б.Т., Райымбаев Ч.К. Сущность и содержание территориальных факторов. Сборник научных трудов Кыргызско- Узбекского университета.- . - Ош: КУУ, 2001, с.207-209.
10. Суркеев Б.Т., Сабилова Г.С. Перспективы развития Южного региона Кыргызстана в рамках Комплексных Основ Развития. Сборник научных трудов Жалал-Абадского Коммерческого Института.- Жалал-Абад: 2003, с.205-209.
11. Суркеев Б.Т., Мырзаибраимов Р.М. Государственное регулирование социально- экономического развития регионов Кыргызской Республики. Международный теоретический и научно-практический журнал «Известия Иссык-Кульского форума БАЦА». Бишкек: 2014, с.29-31.
12. Суркеев Б.Т. Переход к рынку и проблемы регионального развития Южного региона Кыргызской Республики. Вопросы гуманитарных наук. №4-2014., Москва, с.25-27.
13. Суркеев Б.Т. Перспективы развития Южного региона Кыргызской Республики. Вестник Московского Государственного областного университета, Серия «Экономика», №4-2015., Москва, с.38-42.
14. Оценка современного состояния социально- экономического развития южного региона Кыргызской Республики. Ташкулова Г.К., Суркеев Б.Т.- Экономика. Институт Экономики им. Д.А. Алышбаева.№1-2-2018., с.56-61.
15. Место и роль трудовой деятельности в социально-экономическом развитии южного региона Кыргызской Республики. Суркеев Б.Т.-Экономика. Институт Экономики им. Д.А. Алышбаева.№1-2-2018., с.61-66.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Суркеева Бахтыбека Таштемировича на тему: «Региональные факторы социально-экономического развития в условиях функционирования рынка (на примере юга Кыргызской Республики)» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 - экономика и управление народным хозяйством (экономика, организация и управление предприятиями).**

**Ключевые слова:** регион; диспропорции в развитии регионов; социально-экономическое развитие региона; валовый региональный продукт; факторный анализ; прогнозирование регионального развития; трудовые ресурсы; территориальное развитие; региональная политика; территориальное управление; трудовая деятельность; приоритеты развития региона; моделирование; национальная стратегия развития.

**Объект исследования:** региональные факторы социально-экономического развития южного региона Кыргызской Республики.

**Предмет исследования:** диспропорции в социально-экономическом развитии регионов, на основе факторного анализа прогнозирование в перспективе, значение трудовых ресурсов для развития региона.

**Методы исследования:** экономико-статистические, аналитические, сравнительные, абстрактно-логические, экономико-математические.

**Полученные результаты и их новизна:** раскрыты сущность и содержание территориального развития; установлены приоритеты социально-экономического развития территорий; с учётом главенствующий роли рабочей силы в соединении факторов производства в развитии регионов, выявлены прогрессивные направления использования трудовых ресурсов; всесторонне аргументирован и реализован концептуально новый подход к моделированию территориального развития на примере города Ош; разработаны и научно обоснованы основные направления территориального развития южного региона Кыргызстана с учетом существующих и ожидаемых показателей использования трудовых ресурсов.

**Практическая значимость:** возможность использования содержащихся в ней положений при разработке Государственной концепции региональной политики и другими заинтересованными ведомствами, органами самоуправления различного уровня. Экономическая значимость диссертации заключается в конкретных рекомендациях, в которых содержатся приоритеты социально-экономического развития региона, моделирование экономического развития отдельных территорий, улучшение использования трудовых ресурсов.

**Суркеев Бахтыбек Таштемировичтин 08.00.05 - экономика жана эл чарбасын башкаруу (ишканалардын экономикасы, уюштуруу жана башкаруу) адистигинен экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Рыноктун аракеттенүү шарттарында социалдык-экономикалык өнүгүүнүн регионалдык факторлору (Кыргыз Республикасынын түштүгүнүн мисалында )» деген темада даярдалган диссертациялык ишинин**


## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** регион; региондордун өнүгүүсүндөгү диспропорциялар; региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсү; дүң регионалдык продукт; фактордук анализ; регионалдык өнүгүүнү прогноздоо; эмгек ресурстары; аймактык өнүгүү; регионалдык саясат; аймактык башкаруу; эмгек ишмердүүлүгү; региондун өнүгүү приоритеттери; моделдештирүү; өнүгүүнүн улуттук стратегиясы.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасынын түштүк регионунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн регионалдык факторлору.

**Изилдөөнүн предмети:** региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү диспропорциялар, фактордук анализдин негизинде келеркиге прогноз жасоо, региондун өнүгүүсү үчүн эмгек ресурстарынын мааниси.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** экономикалык-статистикалык, аналитикалык, салыштырмалуу, абстракттык-логикалык, экономикалык-математикалык.

**Алынган натыйжалар жана алардын илимий жаңылыгы:** аймактык өнүгүүнүн маңызы жана мазмуну ачып көрсөтүлдү; региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн приоритеттери аныкталды; региондордун өнүгүүсүндө өндүрүш факторлорун бириктирүүдө жумушчу күчүнүн жетектөөчү ролун эске алуу менен эмгек ресурстарын пайдалануунун прогрессивдүү багыттары аныкталды; Ош шаарынын мисалында аймактык өнүгүүнү моделдештирүүгө концептуалдык жаңы көз караш ар тараптан аргументештирилди жана ишке ашырылды; Кыргызстандын түштүк регионунун аймактык өнүгүүсүнүн негизги багыттары эмгек ресурстарын пайдалануунун учурдагы жана күтүлүүчү көрсөткүчтөрүн эске алуу менен иштелип чыкты жана илимий жактан негизделди.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү** анын жоболорун мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызыкдар мекемелер тарабынан Аймактык саясаттын мамлекеттик концепциясын иштеп чыгууда пайдалануу мүмкүндүгүндө турат.

**Диссертациянын экономикалык маанилүүлүгүн** региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн приоритеттери, айрым аймактардын экономикалык өнүгүүсүн моделдештирүү, эмгек ресурстарын пайдалануунун жакшырышы түзөт.


Б. Суркеев

## SUMMARY

**dissertation of Surkeyev Bakhtybek Tashtemirovich on the theme: "Regional factors of social and economic development in the conditions of market functioning (by the example of the south of the Kyrgyz Republic)" for the degree of candidate of economic sciences in specialty 08.00.05 - economics and management of the economy (economics, organization and management enterprises).**

**Key words:** region; disproportions in the development of regions; social and economic development of the region; gross regional product; factor analysis; forecasting of regional development; labor resources; territorial development; regional policy; territorial management; labor activity; priorities for the development of the region; modeling; national development strategy.

**Object of the study:** regional factors of social and economic development of the southern region of the Kyrgyz Republic.

**The subject of the research:** disproportions in the socio-economic development of regions, on the basis of factor analysis, forecasting in the future, the importance of labor resources for the development of the region.

**Research methods:** economic-statistical, analytical, comparative, abstract-logical, economic-mathematical.

**The received results and their novelty:** the essence and the maintenance of territorial development are opened; set priorities for socio-economic development of the territories; taking into account the predominant role of the labor force in combining the factors of production in the development of the regions, progressive directions in the use of labor resources were revealed, the conceptually new approach to the modeling of territorial development by the example of the city of Osh was comprehensively argued and implemented, the main directions of the territorial development of the southern region of Kyrgyzstan existing and expected indicators of the use of labor resources.

**Practical significance:** the possibility of using the provisions contained in it in the development of the State concept of regional policy and other interested departments and bodies of self-government of various levels. The economic significance of the thesis is in specific recommendations that contain priorities for the socio-economic development of the region, modeling the economic development of individual territories, improving use of labor resources.